DOI:10.26104/NNTIK.2019.45

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 6, 2021

*Ташматов А.А., Жусупбаев К.К., Мурзаканов М.А.*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БУЗУУЛАР ЖӨНҮНДӨГҮ КОДЕКСИНДЕГИ ЖОЛ ЭРЕЖЕЛЕРИН БУЗУУДАГЫ МАСЕЛЕЛЕР

*Ташматов А.А., Жусупбаев К.К., Мурзаканов М.А.*

# ВОПРОСЫ НАРУШЕНИЯ ПРАВИЛ ДОРОЖНОГО ДВИЖЕНИЯ В КОДЕКСЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ О НАРУШЕНИЯХ

*A.A. Tashmamatov, K.K. Zhusupbaev, M.A. Murzakanov*

# ISSUES OF VIOLATION OF TRAFFIC RULES IN THE CODE OF THE KYRGYZ REPUBLIC ON VIOLATIONS

*УДК: 34.342*

*Макалада бузуулар жөнүндөгү кодекстеги жол эрежелердин жоопкерчилигиндеги айрым бир маселелери каралган. Авторлордун көз караштары боюнча мыйзамдардагы кээ бир кемчиликтер коомдогу жол эрежелерин бузуусунун көбөйтүүгө алып келүүдө. Авторлордун пикири боюнча бузуу мыйзамындагы жаза – чаралардын жетишпестиги, жаза чаралар айып пул менен гана чектелүүсү, ошондой кошумча жаза чараларды киргизүүлүсү бузуулардын алдын алууга жана бөгөт коюуга болорун туура деп эсептейт. Натыйжасында жол коопсуздугун камсыз кылуу абдан кыйын болуп калгандыгын жана биздин кичинекей мамлекет үчүн жол кырсыгынан каза болгондордун саны көп болуп жаткандыгын айтып, жол кырсыгын азайтуу максатында жолдо жүргөндөрдүн баардыгы жол кыймылынын эрежелерин так сактоосу жана жол эрежелерин бузгандарга айыптын өлчөмүн көбөйтүүнү сунушташат. Мамлекеттик башкаруучуларда жол эрежелерине көнүл бурууcу абзел.*

***Негизги сөздөр:*** *жол эрежелери, бузуу ченемдери, мамлекеттик органдар, реформалоо, кесипкөй ишмердүүлүк, бузуулар, ыкмалар, айдоочулардын укуктары, мыйзамдуу кызыкчылыктар.*

*В статье рассматриваются некоторые вопросы ответственности в Кодексе нарушений. По мнению авторов, некоторые недостатки в законе привели к увеличению нарушений ПДД в обществе. По мнению авторов, отсутствие наказаний в законе о нарушениях, тот факт, что наказания ограничиваются штрафами, и введение дополнительных наказаний предполагают, что нарушения можно предотвратить и предотвратить. В результате безопасность дорожного движения стала очень сложной, и количество людей, погибших в дорожно-транспортных происшествиях, является большим для нашей маленькой страны. Правительственным чиновникам нужно обратить внимание на правила дорожного движения.*

***Ключевые слова:*** *правила дорожного движения, нормы нарушений, государственные органы, реформа, профессиональная деятельность, нарушения, способы, права водителей, законные интересы.*

*The article discusses some of the issues of liability in the Code of violations. According to the authors, some shortcomings in the law have led to an increase in traffic violations in society. According to the authors, the absence of penalties in the law on violations, the fact that penalties are limited to fines, and the introduction of additional penalties suggest that violations can be prevented and prevented. As a result, road safety has become very difficult and the number of people killed in road accidents is high for our small country. Government officials need to pay attention to traffic rules.*

***Key words:*** *traffic rules, violations, government agencies, reform, professionalism, violations, methods, driver's rights, legitimate interests.*

Азыркы учурда автомобиль транспортусуз коомдук турмуштун бардык тармактарын элестетүү кыйын. Кыргызстанда дээрлик 95% эл чарба жүктөрү 90% жүргүнчүлөр автомобиль транспорту менен ташылат. Жыл сайын автомобилдерди жасап чыгаруунун саны өсүүдө жана аларды эксплуатациялоо мүмкүнчүлүктөрү жана касиеттери жогорулоодо. Ошону менен бирге өлкөбүздө транспорт кыймылынын интенсивдүүлүгү, транспорт агымынынын тыгыздыгы да өсүү тенденциясына багыттылды. Автомобиль айдоочулардын саны, ошонун ичинен айдоочулук квалификациясынын төмөндөрүнүн саны жогорку чекке жеткендигин да белгилөөгө болот [4, 132-б.]. Аталган факторлор жол-транспорт кырсыктарынын чыгышына себепкер болуу менен, жол кырсыктарынын саны күн санап өсүп жатат. Автомобилдерди пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатуунун жана жол-транспорт кырсыктарынын денгээлин төмөндөтүүнүн негизинде эл чарбасы менен калктын жүгүн жана жүргүнчүлөрдү ташуудагы талабын аткарууга болот. Кыргызстандын автомобиль жолдорундагы кырсыктардын сандык көрсөткүчтөрүнүн денгээли тынымсыз өсүп жатат. Мындай жагдай өз кезегинде эл чарбасы менен коомго материалдык жана моралдык жактан бир далай зыян келтирип жаткандыгын баса белгилөөгө болот. Жол кыймылынын коопсуздугун камсыз кылуу иш чараларында автомобилдин конструкциясы зор роль ойнойт.

Бул боюнча республикабызда автоунаалардын саны аябай көбөйүп, айдоочулар жол кыймылынын эрежелерин сактабагандыктан жана тоготбостуктан адамдын жаны кыйылган жол кырсыгы көбөйгөндүгүн баса белгилгилөөгө болот, Жогорку Кенештин депутаты Каныбек Иманалиев парламенттик чогулушууда, өлкөбүздүн жолдорунда жол кыймылын уюштуруу жана айдоочулардын айдоо маданияты өтө тө-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



мөн деңгээлде экендигин баса белгиледи. Натыйжасында жол коопсуздугун камсыз кылуу абдан кыйын болуп калгандыгын жана биздин кичинекей мамлекет үчүн жол кырсыгынан каза болгондордун саны көп болуп жаткандыгын айтып, жол кырсыгын азайтуу максатында жолдо жүргөндөрдүн баардыгы жол кыймылынын эрежелерин так сактоосу жана жол эрежелерин бузгандарга айыптын өлчөмүн көбөйтүүнү сунуштады. Жол коопсуздугун камсыз кылуу жана жол транспорттогу тартипти жакшыртуу максатында өзгөчө көңүлдү жол кыймылынын эрежелерин бузгандарды аныктоого жана бөгөт коюуга бурулган.

Мисал катары Бишкек жана Ош шаарын ала турган болсок.

2021-жылдын алгачкы төрт айында Бишкек шаарында жол эрежесин бузган айдоочуга 154 миллион 632 миң 500 сом айып пул салынган. Бул тууралуу Шаардык кайгуул милициясынын маалымат кызматы билдирди.

Салынган айыптардын ичинен 34 миллион 153 миң 872 сому төлөнгөнү Кайгуул милициясынын төрт айда аткарган иштери боюнча өткөн жыйында белгилүү болду.

Бардыгы болуп төрт айда 111 628 протокол толтурулган. Бул 2020-жылдын ушул мезгилине салыштырганда 76 202 учурга көп.

Анын ичинде:

- Мас абалында унаа башкаргандыгы үчүн – 1122 протокол;
- Айдоочулук күбөлүгү жок унаа башкаруу боюнча – 1348;
- Маңдайкы жана алдыңкы терезелерин караңгылатып алгандыгы үчүн – 229;
- Автоунаадагы бейбаштык боюнча – 21.

Көрсөтүлгөн мезгил аралыгында 8 150 унаа айып короого киргизилген. Кайгуул милициясы билдиргендей, мындан сырткары, 102 линиясы боюнча жарандардан келген 24 842 кайрылуу тейленген.

Ал эми Ош шаарында бир жуманын ичинде 1 656 жол эрежелерин бузуу фактысы аныкталды. Бул тууралуу Ош ШИИБи боюнча милициянын кайгуул кызматынын басма сөз кызматы маалымдады.

Анын ичинен: - Спирт ичимдигин ичип унаасын башкаргандар - 36; - Автоунаасынын алдынкы айнектеринин карангылатып алгандар - 18 учур; – Айдоочулук күбөлүгү жок транспорт каражатын башкаруу - 81; -«102» кызматына чалуулар -115, 3 жаран атайын жайларга жайгаштырылып, 18 жаран милиция бөлүмчөлөрүнө жеткирилген.

Айып короого токтотулган унаалар - 100; “Коопсуз шаар” айып пул - 5; Кылмыш - 2: Жорук -3; Окдарыларды мыйзамсыз жүгүртүү - 1; Ошондой эле Ош ШИИБи боюнча милициянын кайгуул кызматынын кызматкерлери тарабынан транспорт каражаттарынын номерлерин жасалмалап жүргөн жеринен 2 унаа аныкталып, КЖБРге катталды. Майда бейбаштык - 1; Автотранспорт каражатын айдап качуу - 1;

Бул көрсөткүчтөрдү эске алуу менен бузуулар кодексиндеги жол эрежелериндеги жаза чаралардын төмөндүгүнөн коомдо бузуулар көп болуп жатканын көрүүгө болот. Мындан сырткары жалпы республика боюнча алып карасак жол кыймылынын көзөмөлдөөчүлөрүнүн ишмердүүлүгү боюнча ар бир факт текшерүүгө алынып жоопкерчилиги караларын ИИМдин ЖКККББнын басма сөз кызматы билдирди.

Маалыматка караганда, Кыргызстандын аймагында 2020-жылдын 10 айында жалпы жонунан 4899 жол кырсыгы катталып, андан 596 адам каза болуп, 7289 адам ар кандай жаракаттарды алды. Бул көрсөткүч былтыркы жылга салыштырмалуу жалпы жол кырсыктарынын саны - 9.8% кыскарган, каза болгондор - 6.7%, жаракат алгандардын саны -13.3% азайган. Учурдагы кырдаалда жаш өспүрүмдөр онлайн окушуп, үйдө болгонуна карабастан жаш өспүрүмдөр катышкан жол кырсыктарынын саны 1051, -25.1%, каза болгону 75, -8.5%, жаракат алган жаш өспүрүмдөрдүн саны 1227, -26.1% азайды.

Оор кесепеттерди, башкача айтканда адам өмүрүн алып, оор жаракаттарды алып келген жол кырсыктары көбүнчө жол кыймылынын катышуучулары, айдоочулардын жол эрежелерин одоно бузушунан, мас абалда унаа башкаруу, кууп өтүү жана маневр жасоо, каршы тилкеге чыгып кетүү жана ылдамдыкты бузуу эрежелерин сактабагандыктан келип чыгат.

Мисалы, жакында эле Чүй облусунда, Баткен облустарынын аймагында катталган бир эле жол кырсыгынан үч, беш адамдын өмүрүн алып кетип жаткан жол кырсыктары дал ушул карама-каршы тилкеге чыгып кетип, ылдамдыкты сактабагандыктан келип чыгууда. Коопсуз шаар долбоору кирген, фото-видео байкоолор кирген жерлерде айдоочуларыбыз эрежени сактап ал эми башка жактарда өздөрүнүн кайдигерлигин көрсөтүп жаткандыгы баарыбызга маалым. Ошондой эле калктуу аймактардагы жөө адамдарды унаа менен уруп кетүү фактылары дагы дал ушул ылдамдыкты сактабагандыктан келип чыгууда. Жол кыймылынын коопсуздугун камсыздаган кызматкерлердин кызмат өтүүчү жерлери дагы дал ушул жол кырсыктарынын көп катталган, авариялык абалдар көп болгон жерлерге көрсөтүлгөн.

Муну менен бирге токтолуп кете турган нерсе, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана ИИМдин буйруктарына ылайык жол кыймылынын көзөмөлдөөчүлөр жол эрежелери бузулбаса (айрым иш-чаралар болгон учурларда гана токтотууга укуктуу) жөнү жок унааларды токтотпойт.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



Ал эми социалдык тармактары, жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу биздин кайдыгер эмес жарандарыбыздын жол кыймылын көзөмөлдөчүлөрдүн ишмердүүлүгүнө көңүл бурушу бул жакшы нерсе, ИИМдин ЖКККБ Бнын жетекчилиги жарандардын ар бир билдирүүсү менен кайрылууларына көңүл бөлүп, көзөмөлгө алып, текшерүү жүргүзүп, мыйзам бузуулар болсо чара көрүүгө даяр экенин билдирет.

Ошондуктан бузуу мыйзамынын кээ бир беренелери боюнча жаза чараларды жогорулатууга туура келүүдө.

Мисалы транспорт каражаттарынын айдоочуларынын кыймылдын белгиленген ылдамдыгынан ашуусу.

1. Транспорт каражаттарынын айдоочуларынын кыймылдын белгиленген ылдамдыгынан 10 км сааттан көп, бирок 20 км сааттан көп эмес ашуусу, -

1-категориядагы айып пул салууга алып келет.

2. Транспорт каражаттарынын айдоочуларынын кыймылдын белгиленген ылдамдыгынан 20 км сааттан көп, бирок 40 км сааттан көп эмес ашуусу,-

2-категориядагы айып пул салууга алып келет.

3. Транспорт каражаттарынын айдоочуларынын кыймылдын белгиленген ылдамдыгынан 40 км сааттан көп, бирок 60 км сааттан көп эмес ашуусу, -

3-категориядагы айып пул салууга алып келет.

4. Транспорт каражаттарынын айдоочуларынын транспорт каражатынын кыймылынын белгиленген ылдамдыгынан 60 км сааттан көп ашуусу, -

4-категориядагы айып пул салууга алып келет. [2, 123-берене].

Транспорт каражаттарынын айдоочуларынын жол кыймылынын эрежелерин бузуусу

1. Жол белгилеринин талаптарын аткарбоо, жолдун жүрүүчү бөлүгүндөгү чийиндердин талаптарын аткарбоо (каршы кыймылдын тилкесине чыгуу менен кууп өтүүнү же болбосо маневр жасоо эрежелерин бузууларды кошпогондо); токтоо же токтоп туруу эрежелерин бузуу; коопсуз дистанцияны, интервалды сактабоо же болбосо жолдун жүрүүчү бөлүгүндө транспорт каражаттарын жайгаштырууну бузуу же автомагистралдар боюнча жүрүү эрежелерин бузуу; светофордун тыюу салуучу сигналы же жөнгө салуучунун тыюу салуучу жаңсоосу болгондо жол белгилери же жолдун жүрүүчү бөлүгүнүн чийиндери менен белгиленген стоп-линиянын алдында токтоо жөнүндө Жол кыймылынын эрежелеринин талаптарын аткарбоо; каршы кыймыл тилкесине чыкпай туруп кууп өтүү же маневр жасоо эрежелерин бузуу; тышкы жарык берүүчү приборлорду же болбосо эскертүүчү сигналдарды пайдалануу эрежелерин бузуу (бардык механикалык транспорт каражаттарына сутканын жарык убагында калктуу конуштардан тышкары жерлерде фаранын жандырылган жакын жарыгы менен жүрүү талаптарын кошпогондо) -

1-категориядагы айып пул салууга алып келет.

2. Жол кыймылынын эрежелеринде белгиленген балдарды ташуу боюнча талаптарды бузуу; өткөөлдөрдөн өтүү же светофордун тыюу салуучу сигналында же болбосо жөнгө салуучунун тыюу салуучу жаңсоосунда өтүү эрежелерин бузуу; маршруттук транспорт каражаттары үчүн тилкеде токтоо же токтоп туруу эрежелерин бузуу; айдоону үйрөтүү эрежелерин бузуу; жөө жүрүүчүнүн өткөөлдөрүнөн өтүү эрежелерин бузуу, жөө жүрүүчүнүн өткөөлдөрүндө жөө жүрүүчүгө артыкчылыктарды бербөө, ага тете тротуар менен же болбосо жөө жүрүүчүнүн же велосипед жолунда жүрүү; жүктөрдү ташуу же болбосо транспорт каражаттарын сүйрөтүү эрежелерин бузуу; айдоочунун транспорт каражатында жүрүп бара тканда колдун жардамысыз сүйлөшүүгө мүмкүндүк берүүчү техникалык түзүлүштөр менен жабдылбаган байланыш каражаттарын пайдалануу эрежелерин бузуу (кечиктирилгис кызматтык милдеттерин аткарган учурдагы атайын транспорт каражаттарынын айдоочуларын кошпогондо); автомобиль жолдоруна айдоочулар, жүргүнчүлөр же жол кыймылынын башка катышуучулары тарабынан таштандыларды жана башка предметтерди ыргытуу (таштап салуу, үйүп салуу, өрттөө) - 2-категориядагы айып пул салууга алып келет.

3. Каршы кыймыл тилкесине чыгуу менен кууп өтүү же болбосо манёвр жасоо эрежелерин бузуу; жалпы пайдалануудагы транспорт каражаттарына артыкчылык бербөө, анын ичинде жалпы пайдалануудагы транспорт каражаттарынын токтоочу жерлеринен өтүү эрежелерин бузуу; кыймылдаткычтын иштетилген газдарын чыгаруучу системасынын үнүнүн (күрүлдөшүнүн) деңгээлин күчөтүү үчүн кайра жабдуу, ага тете жабдууларды орнотуу -

3-категориядагы айып пул салууга алып келет. [2, 123-берене].

4. Атайын жарык берүүчү жана үн чыгаруучу сигналдык түзүлүштөрдү иштетүү менен жүрүп бараткан транспорт каражаттарынын кыймылына артыкчылык бербөө -

5-категориядагы айып пул салууга алып келет.

Жогоруудагы көрсөтүлгөн айып пулдук өлчөмдөр менен жол эрежелеринин кыскартуунун же бузууларга бөгөт коюуга жана алдын алууга мүнкүн эместигин айтууга болот. Ошол себебтен бузуулар кодексине айып пулдан башка жаза чараларды кошумча чара катары колдонуу керек деп ойлойм.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



**Адабияттар:**


1. КРнын Конститутциясы 27.06.2010. (жан. ред. 28.12.2016.)
2. КРнын «Бузуулар жөнүндө кодекси» 16.12.2017. №245.
3. КРнын жол кыймылынын эрежелери боюнча өкмөтүнүн 04.09.1999-ж. (жан.ред. 05.02.2020)
4. Шерипов Н.Т. Административное право КР. - Б., 2016.
5. Алымкулов С.А. Административное право КР. - Б., 2001.
6. Агапов А.Б. Административное право РФ. - М., 1997.
7. Ташмаматов А.А., Ахматбек К.А. Некоторые проблемы правового урегулироввания административно-правовых отношений. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2015. №.5. С.226-227.
8. Шаршембиев Ж.С., Торобекова А.Э. К вопросу обеспечения безопасности дорожного движения на автомобильных дорогах Кыргызской Республики. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2012. №. 1. С. 31-33.